КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАШ-КУУГАНДИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XVIII- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ БЕШИНЧИ СЕССИЯСЫНЫН № 18-5/1 ТОКТОМУ

«24» февраль 2022-жыл Баш-Кууганды айылы

Баш-Кууганды айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2020-жылдын бюджетинин аткарылышы, 2022-жылга жергиликтүү бюджетин жана 2023-2024-жылдардын бюджетинин долбоорун бекитүү боюнча Баш-Кууганды айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Ж. Абдрашитованын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Баш-Кууганды айыл аймагынын айылдык Кеңешинин XVIII- чакырылышынын кезектеги бешинчи сессиясы токтом кылат:

1. Баш-Кууганды айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2020-жылдын бюджетинин аткарылышы, киреше бөлүгү 9479,0 мин сом жана чыгаша бөлүгү өзгөртүү, толуктоолор менен 9148,6 миң сом, 2022-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү 8102,0 миң сомго, анын ичинен теңдештирме грант 4973,0 миң сомго, жалпы салыктардын көлөмү 3129,0 миң сомго, анын ичинен салыктык кирешелер 2489,0миң сомго, жалпы салыктык эмес кирешелер 640,0 миң сомго, анын ичинен атайын каражаттар 320,0 миң сомго, чыгашалар 8102,0 миң сомго бекитилсин.
2. 2023-жылдын бюджетинин долбоору киреше жана чыгаша бөлүгү 8175,0 миң сомго, анын ичинен теңдештирме грант 4973,0 миң сомго, жалпы салыктардын көлөмү 3202,0 миң сомго, анын ичинен салыктык кирешелер 2562,0 миң сомго, жалпы салыктык эмес кирешелер 640,0 миң сомго, анын ичинен атайын каражаттар 320,0 миң сомго, чыгашалары 8175,0 миң сомго бекитилсин.
3. 2024-жылдын бюджетинин долбоору киреше жана чыгаша бөлүгү 8228,0 миң сомго, анын ичинен теңдештирме грант 4973,0 миң сомго, жалпы салыктардын көлөмү 3255,0 миң сомго, анын ичинен салыктык кирешелер 2615,0 миң сомго жалпы салыктык эмес кирешелер 640,0 миң сом, анын ичинен атайын каражаттар 320,0миң сомго, чыгашалары 8228,0 миң сомго бекитилсин.
4. Биринчи кезекте корголгон статьяларга (эмгек акы, соц. фонд, тамак-аш, коммуналдык чыгым жана башкаларга) каражат бөлүнсүн.
5. Баш-Кууганды айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин эмгек акыга, соц. фонд төлөмдөрүнө, электр энергиясына, көмүргө, транспорт каражаттарына берилген чыгымдардын лимитинен чыкпай иш алып баруу айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Ж. Абдрашитовага милдеттендирилсин.
6. Бул токтом айыл өкмөтүнүн аппаратынан каттоодон өткөрүлүп, www.gagsmsu.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укутук актыларынын мамлекеттик Реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

Каттоо номери 84

Төрага : Сайнидинов.Т.Ж.